КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИНИН КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ
МЕКЕМЕ * * * УЧРЕЖДЕНИЕ
КЫРГЫЗСКАЯ АКАДЕМИЯ ОБРАЗОВАНИЯ МИНИСТЕРСТВА ОБРАЗОВАНИЯ И НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
ИНН 00703200310357
№ 113
„3" 06 2020г.
г. БИШКЕК ш.

**Кыргыз билим берүү академиясы**
**Окумуштуулар кеңеши**
**2020-жылынын 19-майындагы**
**№3 жыйынынын протоколунан**

**КӨЧҮРМӨ**

**Күн тартибинде:**

1. Илимий диссертациялардын темаларын бекитүү.

1.7. КББАнын аспиранты Кабылова Света Амантуровнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга арналган «Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы» аттуу диссертациялык ишинин темасын жана илимий жетекчи катары п.и.д., профессор С.К.Калдыбаевди бекитүү жөнүндө.

**Угулду**: Технология, искусство жана дене маданияты тармактарынын маселелери лабораториясынын башчысы А. Ибирайым кызы С. А. Кабылованын илимий темасы лабораторияда талкуулангандыгы тууралуу кыскача маалымат берди.

**Угулду**: аспирант С. А. Кабылованын илимий ишинин темасы боюнча билдирүүсү.

Изилдөө ишинин **актуалдуулугу** азыркы күндөгү болочок информатика мугалимдерин даярдоодо алардын изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрү калыптандырылышы керектиги болуп – бул актуалдуу тема экендигинен кабар берет.

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк – бул инсандын интегралдык сапаты, жөндөмдүүлүгүнө жана ар бир иштин даярдыгына карата өз алдынча изилдөө иштерин жүргүзүү, кесиптик чөйрөдө изилдөө ишинин даярдыгын жана жөндөмдүүлүктөрүнүн баалуулугун аныктоо, пайдалануу. Ошондуктан адам билимин, жөндөмүн, көндүмдөрдү жана тажрыйбаларды изилдөө жүргүзүү үчүн жаңы билимди, жаңы интеллектуалдык продуктуну түзүү, жаңы долбоордун жаңы көйгөйлөрүн чечүү үчүн натыйжалуу изилдөөлөр керек.

Жогоруда аталган көйгөйлүү маселелер, аларды өз учурунда чечүүнүн зарылдыгы жогорудагы илимий теманы тандап алууга мүмкүндүк берген.

**Изилдөөнүн максаты:** Жогорку окуу жайларда Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы предметин окутууда болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн калыптандыруунун технологиясынын эффективдүү жолдорун изилдөө жана аны ишке ашыруунун технологиясын иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн обьектиси**: жогорку окуу жайында болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери.

Изилдөөнүн максатына жараша **изилдөөнүн** төмөндөгүдөй **милдеттери** белгиленди:

1. Болочок информатика мугалимдеринин изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандыруу проблемасынын педагогика илиминде изилдениш абалы;
2. Педагогикалык окуу жайларда болочок информатика мугалимдеринин изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандыруунун учурдагы абалы;
3. Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасын окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенцияларын калыптандыруунун технологиясын түзүү;
4. Иштелип чыккан технологиянын натыйжалуулугун педагогикалык эксперимент аркылуу текшерүү жана методикалык сунуштарды иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы**:

- изилдөөнүн натыйжасында информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгү түшүнүгүн мазумун жана структурасы такталат;
- изилдөөнүн натыйжасында информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүн калыптандыруунун технологиясы иштелип чыгат;
- болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгүнүн калыптануусунун критерийлери, көрсөткүчтөрү жана деңгээлдери иштелип чыгат.

**Изилдөөнүн практикалык мааниси**. Изилдөөнүн натыйжалары мектептин информатика мугалимдери үчүн методикалык сунуш катары колдонулушу мүмкүн. Иштелип чыккан технология мугалимдердин кесиптик чеберчилигин жогорулатуу курстарында колдонулушу мүмкүн.

Изилдөөчүлүк компетенттүүлүк белгилүү бир убакыт ичинде этаптуу, комплекстүү түрдө калыптанат. Изилдөөчүлүк компетенциянын калыптануу процессинин натыйжасы окуу жайдын болочок мугалимдерине, окуу-тарбия процесстерин уюштуруу өзгөчөлүгүнө, мектептеги илимий иштерге, катышуучулардын жаш өзгөчөлүгүнө, социалдык илимий өнөктөштөрдүн мүмкүнчүлүгүнө жараша өзгөрүп турушу мүмкүн. Болочок мугалимдердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүгү – бул болочок мугалимдин өз алдынча жаңы маалыматты өздөштүрүүсү, кабыл алуу жөндөмдүүлүгү жана даярдыгы, идеалдарды жаратуучу, маселенин негизинде жыйынтыктуу гипотезасы, билимдин ар кандай булактар менен иш алып баруусу, теманы изилдеши, изилдөө ишмердүүлүгүнүн жүрүшүндөгү байкоолорду жүргүзүүсү.

Аспиранттын жалпы 7 макаласы жарык көргөн. Жетекчи катары п.и.д., проф. С. К. Калдыбаев сунушталат.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү аспиранттын темасы боюнча суроолорду беришип, теманын актуалдуулугун белгилешти. Добуш берүүдө отурумга катышкан Окумуштуулар кеңешинин 16 мүчөсү аспиранттын илимий ишинин темасын колдоп добуш беришти. Каршы, калыс болгон жок.

Талкуунун жана добуш берүүнүн негизинде КББАнын **Окумуштуулар кеңеши токтом кылат:**

1. Кыргыз билим берүү академиясынын аспиранты Кабылова Света Амантуровнанын 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (Информатика) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуу даражасын изденип алууга арналган диссертациялык иши «Информатиканы окутуунун теориясы жана методикасы курсун окутууда студенттердин изилдөөчүлүк компетенттүүлүктөрүн калыптандыруунун технологиясы» аталышта бекитилсин.
2. Илимий жетекчи катары п.и.д., профессор С. К. Калдыбаев дайындалсын.

**Окумуштуулар кеңешинин төрагасы, п.и.к.** — **А. Токтомаметов**

**Окумуштуу катчы, п.и.к.** — **А. Ниязова**